# Кусалык.

Сөзү: Кенже Өзүбекова.

Обону: Туратбек Дүйшеев.

Атк: Кенже Өзүбекова.

Сагынып жан эргиткен жамалыңды.

Зар болдум көргүм келип караанынңды.

Сандаган ойлор басып кусаланам.

Саргайтпай билдирсеңчи кабарыңды.

Берилип жан дүйнөмдөн бир өзүңө.

Бей пайда карай берем сүрөтүңө.

Белгисиз дарегиңди издей берип.

Берекем мезгил санап күн өтүүдө.

Укканда сенин жылуу кабарыңды.

Укмуштай сыйкыр күчтү табамынбы.

Узун түн уйку көрбөй туталанам.

Сездиңби менин ушул абалымды.

Аралап ала тоонун белестерин.

Тоготпой тоскоолдуктун себептерин.

Түгөнгүс жүрөк отун тутандырып.

Түбөлүк бирге болгум келет менин.

Ардагым кол кармашып өзүң менен.

Айрылбай бирге болгум келет менин.